УДК: 81:2-42

*Абдыкеримова А. Э., филол. илим. докт.*
*aaida1973@mail.ru*
*Замирбекова А., магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

## ТАБУ ТҮШҮНҮГҮ ТУУРАЛУУ

*Макалада улуттук-маданий спецификага ээ түшүнүк болгон табу түшүнүгү талдоого алынат. Ага берилген айрым жалпы аныктамалар келтирилип, бул түшүнүктүн келип чыгышы, мааниси тууралуу кыскача маалыматтар берилет. Ошондой эле табулар таралуу жана колдонулуу алкагына жараша классификацияланып, колдонулушунун максат-милдеттери белгиленет.*

***Өзөктүү сөздөр**: антропоборбордук багытталгандык, түшүнүк, табу, улуттук-маданий специфика, тыюу, маданият, жүрүм-турум, диний, моралдык-этикалык, ыйык, коркуу.*

*Абдыкеримова А. Э., докт. филол. наук.*
*aaida1973@mail.ru*
*Замирбекова А., магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

## О ПОНЯТИИ ТАБУ

*В статье анализируется понятие табу, имеющее национально-культурную специфику, приведены некоторые общие дефиниции этого понятия, краткие сведения о его происхождении, значении. Также дана информация о классификации табу по характеру распространения и функционирования, обозначены их цели и функции.*

***Ключевые слова:** антропоцентрическая направленность, понятие, табу, национально-культурная специфика, запрет, культура, поведение, религиозный, морально-этический, святой, страх.*

*Abdykerimova A. E., doctor of Philology*
*aaida1973@mail.ru*
*Zamirbekova, A., master's student*
*IKSU, K. Tynystanov, Kyrgyzstan*

## THE CONCEPT OF TABOO

*The article analyzes the concept of taboo, which has national and cultural specifics, provides some general definitions of this concept, brief information about its origin, meaning. Information is also given on the classification of taboos according to the nature of distribution and functioning, their goals and functions are indicated.*

***Key words:** anthropocentric orientation, concept, taboo, national and cultural specifics, prohibition, culture, behavior, religious, moral and ethical, saint, fear.*

XX кылымдын экинчи жарымынан башталган жаңы илимий парадигма жана антропоборбордук багытталгандык улуттук-маданий

спецификага ээ болгон көрүнүштөргө, кубулуштарга болгон кызыгуулардын активдешүүсүнө өбөлгө түздү. Анткени улуттук-маданий специфика, биринчи кезекте, адамдын жана ал тиешелүү болгон этностун дүйнөтаанымы жана дүйнөкөрүмү, аң-сезими, ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү, психологиясы, жашоо образы ж. б. менен байланыштуу болору маалым. Бул специфика сөзсүз түрдө тилде орун албай койбойт. Анткени этностордун тилинде алардын бүткүл жашоосу, тарыхы, маданияты, тиричилиги, дүйнөкөрүмү жана аң-сезими чагылдырылат. Түрдүү тилдер тарабынан чагылдырылган дүйнө сүрөттөрүндө окшоштук, жалпылыктар да, айырмачылыктар да болору шексиз. Айырмачылыктар, негизинен, тарыхый-маданий этногенездин өзгөчөлүктөрү менен шартталат.

Улуттук-маданий спецификага ээ болгон феномендик көрүнүштөрдүн бири болуп табу эсептелет. Бул көрүнүш антика доорунан тартып бүгүнкү күнгө чейин эле гуманитардык ар кыл илимдердин изилдөө объектиси жана предмети болуп келе жатканы белгилүү. Табу узак убакыттар бою адамдардын уруулук алгачкы коомундагы социалдык ченемдердин системасында, тыюунун өзгөчө түрү катары каралып келсе, азыркы таптагы антропоборбордук тенденциянын негизинде аны маданияттын көрсөткүчү катары кароо, иликтөөгө алуу үстөмдүк кылууда. Табу көрүнүштөрүн мына ушундай аспектиде изилдөө-иликтөө, талдоого алуу менен, анын пайда болушуна жана колдонулушуна, жашоосуна таасир тийгизген улуттук-маданий, моралдык-этикалык, прагматикалык, тарыхый, эстетикалык, архаикалык, диний ж. б. факторлорду аныктоого болот.

Табу – лингвистикалык гана түшүнүк эмес, ал универсалдуу жана маанилүү түшүнүк катары адам баласынын жашоо-тиричилигинин дээрлик бардык чөйрөлөрүндө кездешет. Табу жана табуланган лексика, табу менен тыгыз байланыштуу жана анын натыйжасында пайда болгон эвфемизмдер коомдук-саясий окуяларды чагылдырып берүүнүн, кооптонуу, коркуу, а түгүл, коомдук каршылыкты жарата турган окуяларды, көрүнүштөрдү жумшартып же жымсалдап берүүнүн каражаты-куралына айланды. Буга байланыштуу, универсалдуу көрүнүш болуп эсептелип, бардык тилдерде орун алат. Демек, ал жалгыз гана лингвистикада изилдеп-үйрөнүүгө алынбастан, этнографияда, маданияттаанууда, тарыхта, мифологияда ж. б. да изилдөө объектиси болуп саналат.

Табу деген эмне? Бул түшүнүккө берилген аныктамалар арбын жана ар түрдүү. Мисалы, философиялык жаңы энциклопедияда: «Табу – религиозно-магический, категорический запрет на религиозной основе. В табу соединены два понятия – священного и запретного, неприкасаемого. Табу могут относиться как к отдельным лицам, так и общественным группам. …следует отличать от табу религиозно-моральные запреты в

развитых религиях как более сложные образования», - деп белгиленген [6: 177]. Ал эми лингвистикалык энциклопедиялык сөздүктө: «Табу – запрет на употребление тех или иных слов, выражений или собственных имен. Явление табу связано с магической функцией языка (речи), т. е., с верой в возможность непосредственного воздействия на окружающий мир при помощи языка», - деп көрсөтүлгөн [5: 501]. Ошол эле учурда табу жалаң гана тилдик көрүнүш эмес экендиги да белгиленет: «Табу – не специфическое языковое явление (бывают табу на те или иные акты поведения, контакты с определенными людьми, употребление какой-либо пищи, питья, употребление некоторых предметов и материалов [5: 501]. Ушул эле жерде адамдын, айрыкча, башкаруучунун (уруу башчысынын, падышанын ж. б.) ысымын атоого, өлгөн адамдын атын айтууга, туугандардын (мисалы, кайын ата, кайын ага ж. б.) атын атоого табу орун алары; азыркы тилдерде өлүм, катуу оору тууралуу түздөн-түз айтуудан, одоно же уят нерселерди тике айтуудан качуу тенденциясын табуга киргизүүгө болору белгиленет. Маселен, кыргыз этномаданиятында кайын атасынын, кайын энесинин атын атоодон качуу, келиндер кайын журтунун өкүлдөрүнүн атын тергеп айтканы – байыркы табулардын калдыгы. Табунун натыйжасында, негизинде тилде көптөгөн тергөөлөр, эвфемизмдер, псевдонимдер, семантикалык бурулуштар келип чыгат. Демек, бул процесс тилдик семантиканы байытарын, синонимдик парадигманы кеңейтерин, кептин стилистикалык ресурстарын арбытып, тандоону пайда кыларын белгилей кетүү зарыл.

Психолог-окумуштуу З. Фрейддин аныктоосунда: «…значение табу разветвляется в двух противоположных направлениях. С одной стороны означает – святой, священный. С другой стороны – жуткий, опасный, запрещенный. Таким образом, с табу связано представление чего-то, требующего осторожности» [7]. «Кыргыз тилинин сөздүгүндө» болсо: «Табу – тергеме сөздөр, диний түшүнүктөргө жана үрп-адатка байланыштуу кайсы бир буюмдарды колдонууга, атын атоого тыюу салуу, айрым түшүнүктөрдү өз атын атабастан, ордуна башка сөз колдонуу» деген түшүндүрмө берилген [4: 1127].

Арийне, жогоруда келтирилген аныктамалардан байкалып тургандай, табуну бир жактуу түшүндүрүүгө болбойт. Аны жалаң гана же тыюу, же жалаң гана тергөө катары кароо жетишсиз. Табу – тыюу да, коркуу да, кооптуулук да, ыйыктык да, уят да, мораль да, ишеним да, магия да, ритуал да, тергөө да.

Илимий колдонууда жана кадыресе жашоодо учураган *табу* сөзү полинезиялыктардын диний–ырым-жырымдык түшүнүктөрүнөн алынган. Бул термин адегенде англиялыктарда колдонулган, аны капитан Джеймс Кук Полинезиядагы уруулардын жашоо-турмушун байкоолорунан улам

колдонууга киргизген. Кийинчерээк табу көрүнүштөрү дүйнөнүн көптөгөн элдеринде кезигери аныкталган [3: 210]. Азыркы учурда табу түшүнүгү, жалпысынан, бардык элдерде кездешкен спецификалуу тыюулардын системасын белгилөө үчүн колдонулат. Кыйыр маанисинде болсо, табу деген жалпы эле тыюуну билдирет, анын бузулушу коом үчүн коркунуч катары каралат.

Илимде табу тууралуу теориялык жактан негизделген ойлор алгач ирет Н. У. Томас түзгөн «Британия энциклопедиясы» аттуу эмгекте берилгенин изилдөөчү А. Т. Абдраева көрсөткөн: «Чынын айтканда, табу болгону: а) адамдардын, нерселердин ыйыктыгын, б) бул белгиден улам жаралган чектөөнүн түрүн жана в) бул тыюуну бузуудан улам пайда болгон ыйыктыгын (таза эместикти) камтыйт» [1]. Окумуштуу З. Фрейддин пикири боюнча, табунун максаттары ар түрдүү экенин көрсөтөт: «…түзмө-түз табунун максатында: а) зарыл жактарды, заттарды – башчыларды, кечилдерди, буюмдарды ж. б. түрдүү кырсыктардан сактоо; б) кечилдердин, башчылардын магиялык күчүнөн алсыздарды – аялдарды, балдарды жана карапайым адамдарды коргоо; в) өлүктөргө кол тийгизип, тыюу салынган тамакты жеп алуу коркунучтарынан сактоо; г) зарыл жашоо аракеттерин – төрөттү, эркектин эр жеткендигин белгилөөнү, үйлөнүүнү, сексуалдык актыны коргоо; д) кудайлардын, шайтандардын кудуретинен жана каарынан адамдарды коргоо; е) төрөлө элек жана ымыркай балдарды ата-энелерине байланыштуу…кооптуу коркунучтардан сактоо. Табунун башка колдонулушу кимдир бирөөнүн жеке менчигин, курал-жарагын, эгин талаасын ууруларлардан, баскынчылардан ж. б. коргоого да кызмат кылат…» [1].

Демек, бардык эле элдерде табу – кескин тыюу. Ага түшүндүрмө берип, негиздеп отуруу талап кылынбайт. Табу урууну, коомду, элди жана жеке адамды коркунучтан, кооптуулуктан «коргойт», коомдук, жамааттык же жекече жүрүм-турумду багыттап, жөнгө салат. Табуну сактабоо жазага алып келет, дегеле, адамзаттын алгачкы жазалоо системасы да табу менен байланыштуу болгону маалым. Убакыттын өтүшү менен табу каада-салтка, диний жөрөлгөлөргө өтөт. Буга байланыштуу, изилдөөчүлөр бул сөздүн семантикасында «ыйык», «кооптуу», «коркунучтуу», «таза эмес», «уят» сыяктуу семалар орун аларын белгилеп жүрүшөт.

Табулар, табу каражаттары: 1) жалпы адамзатка таандык табулар жана 2) улуттук-маданий спецификага ээ табулар болуп ажыратылып жүрөт. Биринчи топтогу табулар, байкалып тургандай, элдердин бардыгына же басымдуу көпчүлүгүнө тиешелүү болгон тыюулар менен чектөөлөр катары каралат. Аларга: Жаратканды же Кудайды сөкпөө, акаарат келтирбөө; ата-энеге каяша кылбоо, капа кылбоо, акаарат айтпоо, бакпай-карабай койбоо; адамды (айрым маданияттарда дегеле жандууну) өлтүрбөө; уурулук

кылбоо; ушак жана жалган сүйлөбөө; баланы таштап кетпөө; башкага карасанатайлык кылбоо; зордук-зомбулук көрсөтпөө ж. б. у. с. кирет. Булардын айрымдары нравалык-этикалык алкакка тиешелүү болсо, айрымдары социалдык көрүнүштөр болуп саналат. Булар диний талаптар, диний канондордун негизинде милдеттүү аткарыла турган эреже-ченемдер да болуп саналып, Куран, Библия, Инжил, Тора сыяктуу ыйык китептерде да орун алган.

Ал эми улуттук-маданий спецификаны көрсөтүүчү табулардын таралуусунун, колдонуунун өзүнүн белгилүү бир ареалы, маданий чөйрөсү болот. Алар тигил же бул маданияттын алкагында мүнөздүү касиеттерге ээ болуу менен, ошол маданияттын ээси болгон этностун өкүлдөрүнүн карым-катыштарын, мамилесин, жүрүм-турумун, коммуникациясын жөнгө салат. Мисалы, кыргыздарда ата жагындагы туугандардын ортосунда үйлөнүүгө табунун болушу; айрым тотемдерди же тотемдик түшүнүктөрдү, өлүмдү жана ага байланышкан түшүнүктөрдү, катуу же жугуштуу ооруларды тике айтпай, маанисин каймана сөздөр менен, тергеп туюндуруу орун алган. Аял-эркектин никесиз байланыштарына жана интимдик байланыштарына (секске), никесиз төрөлгөн балдарга карата да кыйытма, эвфемисттик каражаттар колдонулат. Ошондой эле кадыресе кырдаалдарда адамдын жана жаныбарлардын айрым дене мүчөлөрүн, алардын иштөөсүн, организмден бөлүнүп чыккан заттарды жана алардын чыгуу жолдорун жымсалдатып, жумшартып же өзгөртүп айтуу кабыл алынган. Же болбосо улгайган адамдардын же аялдардын, балдардын көзүнчө уят сөздөрдү айтууга тыюу салынган. Пикир алышуунун, коммуникациянын жалпы маданий ченемдери улуттук спецификага ээ болот. Жазылбаган мындай эреже-ченемдерди бузуу уятсыздык, орой-одонолук, башкаларды сыйлабастык катары каралат. Андыктан табу: 1) этнос өкүлдөрүнүн биримдигин камсыздайт; 2) коомдогу мамилелердин туруктуулугун камсыз кылат; 3) этномаданият өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун жөнгө салат жана багыттайт; 4) адамдар ортосундагы карым-катыш, алака, мамилени бекемдейт; 5) пикир алышуу, коммуникация маданиятын жана кеп маданиятын жөндөйт; 6) коммуникациянын катышуучуларынын ортосунда жагымдуу психологиялык шартты, чөйрөнү түзүүнү камсыздайт; 7) тарбиялык, этикалык жана эстетикалык милдетти аркалайт.

Албетте, табулар боюнча лингвистикалык өңүттө жүргүзүлө турган иштердин алкагы кеңири: табуларды семантикалык-тематикалык топторго классификациялоо, алардын ар биринин максат-милдеттери жана жүйөлөрү, колдонулуш чөйрөлөрү менен шарттары, тилдик каражаттар аркылуу репрезентацияланышы, лексика-семантикалык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрү, этнолингвистикалык жана лингвомаданий бөтөнчөлүктөрү ж. б. маселелер боюнча кеңири мүнөздөгү системалуу

изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Бирок бир чакан макаланын чегинде аталган маселелердин бардыгына кайрылууга мүмкүн эмес. Бул макалда табу түшүнүгү, анын маанисине байланышкан айрым жалпы маселелерге гана фрагменттик мүнөздө кайрылуу аракети жасалды.

Жыйынтыктап алганда, улуттук-маданий спецификага ээ түшүнүктөрдүн бири болгон табу – лингвистикалык гана түшүнүк эмес, ал универсалдуу жана маанилүү түшүнүк катары адам баласынын жашоо-тиричилигинин дээрлик бардык чөйрөлөрүндө кездешет. Ошондуктан бул түшүнүктүн өзү жана маани-маңызы ар тараптуу системалуу иликтөө-изилдөөгө алынышы, талаш-тартышты, ача пикирлерди пайда кылган айрым жагдайлары такталышы шарт.

**Адабияттар:**


1. Абдраева А. Т. Кыргыз жана англис тилдеринде адамдын жүрүм-турумун мүнөздөөгө байланыштуу паремиялар: филол. илимд. доктору… диссертация. - Бишкек, 2023.
2. Баялиева А. М. Национально-культурная специфика табу в немецкой и кыргызской лингвокультурах: диссертация на соискание… канд. филол. наук. - Бишкек, 2020.
3. Кадырбекова П. К. Лингвокультурологические и лингвокогнитивные аспекты межкультурной коммуникации. - Бишкек, 2011.
4. Кыргыз тилинин сөздүгү. - Бишкек: AVRASIA PRESS, 2010.
5. Лингвистический энциклопедический словарь. - М.: Советская энциклопедия, 1990.
6. Новая философская энциклопедия. - М.: Мысль, 2010.
7. Фрейд З. Тотем и Табу. - М.: Олимп, 1997.
8. Фрэзер Дж. Дж. Разновидности табу. - М.: Политиздат, 1984.